| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык КМТУи |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП-03-ПП(10) |
| | 03-36 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 5
«28» 05 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору ________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № ___
«28» ___ 2026-ж.

**И. РАЗЗАКОВ атындагы КМТУда АРАЛЫКТАН ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫН КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**Бишкек, 2026**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧА версиясы№ | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсотүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | ОУК протоколу № 4, 14 .05.2019-ж. |
| 2 | Жобо КМТУнун кайра уюштурулушуна байланыштуу жаңыртылды. | ОК протоколу №5, 28.01.2026-ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор жана аныктамалар

1.1. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде (мындан ары — КМТУ) аралыктан окутуу технологияларын (АОТ) колдонуу жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 17-сентябрындагы № 590 «Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө», 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 «Жогорку жана орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө», 2025-жылдын 17-февралындагы № 76 «аралыктан окутуу технологияларын колдонуу тартибин жөнгө салуучу нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» токтомдоруна, КМТУда академиялык кредиттерди колдонуу менен жогорку жана орто кесиптик билим берүүдө окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобого, ошондой эле мамлекеттик башкаруу органдарынын жана КМТУнун башка нормативдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.2. Бул Жобо КМТУ жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруунун шарттарын жана тартибин аныктайт, билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы мамилелерди жөнгө салат, ошондой эле алардын укуктарын жана милдеттерин белгилейт.

1.3. Бул Жобонун колдонулушу аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен окуу процессин уюштурууга тартылган жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим алуучуларына, угармандарга жана КМТУнун кызматкерлерине жайылтылат.

1.4. Бул Жободо төмөнкү терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**Аралыктан окутуу технологиялары (АОТ)** — маалыматташтыруу жана телекоммуникация каражаттарын негизинен колдонуу менен билим алуучу менен педагогикалык кызматкердин ортосунда кыйыр (аралыктан) өз ара аракеттенүүнү камсыз кылган билим берүү технологиялары.

**Аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен окутуу** — маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларга негизделген билим берүү чөйрөсүн пайдалануу аркылуу компетенцияларды өздөштүрүү процесси, ал окуу маалыматын алыстан алмашууну, билим берүүнүн сапатын контролдоону, ошондой эле окуу процессин коштоо жана администрлөө системасын ишке ашырууну камсыз кылат.

**Асинхрондук өз ара аракеттенүү** — билим алуучу менен окутуучу реалдуу убакыт режиминде өз ара аракеттенбеген учурларда ишке ашырылуучу форма. Бул учурда дистанциялык билим берүү технологияларында байланыш, адатта, электрондук почта, таратуу тизмелери же телеконференциялар аркылуу уюштурулат.

**Интернет-технологиялар** — билим алуучулардын маалыматтык билим берүү ресурстарына жетүүсүн камсыз кылуу жана окуу процессин башкаруу менен ишке ашыруунун методикалык, уюштуруучулук, техникалык жана программалык каражаттарынын жыйындысын түзүү максатында глобалдык жана жергиликтүү компьютердик тармактарды колдонууга негизделген технологиялар.

**Кейс-технология** — окуу-методикалык материалдардын (кейстердин) кагаз, электрондук жана башка ташуучулардагы топтомдорун түзүүгө жана аларды билим алуучуларга өз алдынча окуу үчүн таратууга негизделген технология.

**Контент** — тексттерди, графиканы, мультимедиалык жана башка маалыматтык мааниге ээ материалдарды камтыган маалыматтык толуктоо.

**Мультимедиа** — графика, текст, үн, видео сыяктуу ар түрдүү маалыматтар менен диалогдук режимде иштөөгө мүмкүндүк берген, бирдиктүү маалыматтык чөйрөгө бириктирилген аппараттык жана программалык каражаттардын комплекси.

**Синхрондук өз ара аракеттенүү** — аралыктан окутуу системаларынын чаттары же видеоконференциялар аркылуу билим алуучу менен окутуучунун реалдуу убакыт режиминде түз байланышта болушун караган өз ара аракеттенүү формасы.

**Тармактык технология** — Интернет тармагын колдонуу менен окуу-методикалык материалдар менен камсыздоону, билим алуучулардын окутуучу жана өз ара ортосунда

интерактивдүү өз ара аракеттенүү формаларын, ошондой эле окуу процессин башкарууну камтыйт.

**Гибриддик окутуу ыкмасы** — билим берүү процесси билим алуучу менен окутуучунун түз байланышын камтыган салттуу окутууну онлайн-окутуу менен айкалыштырган окутуу ыкмасы.

**Телекоммуникациялык технологиялар** — негизинен маалыматтарды берүүчү спутниктик системаларды, телеберүүнү, ошондой эле глобалдык жана жергиликтүү байланыш тармактарын колдонууга негизделген, билим алуучулар менен окутуучулардын жана алардын өз ара аракеттенүүсүн, маалыматтык билим берүү ресурстарына жана башка окутуу каражаттарына жетүүнү камсыз кылган технологиялар.

**Эдвайзер** — базалык билим берүү мекемеси тарабынан сертификатталган окутуучу-консультант (инструктор, насаатчы) же билим алуучунун куратору болуп саналган, индивидуалдык окутууну уюштурууга жардам көрсөткөн жана белгилүү бир билим берүү программасынын алкагында окуу-методикалык коштоону жүзөгө ашырган адис.

**Окуу-усулдук комплекс (ОУК)** — билим алуучулардын дисциплинанын окуу программасына кирген окуу материалын натыйжалуу өздөштүрүүсүнө шарт түзүүчү окуу-методикалык материалдардын, программалык-техникалык каражаттардын жана контролдоо каражаттарынын жыйындысы. ОУК дисциплинаны өздөштүрүү үчүн жетиштүү толук маалыматты камтышы керек.

**Электрондук билим берүү ресурсу (ЭББР)** — электрондук түзүлүштөрдү колдонуу аркылуу ойнотулуучу окуу материалдары. Жалпысынан ЭБРге электрондук түзүлүштөр аркылуу көрүлүүчү окуу видеоматериалдары жана аудиожазуулар кирет.

**Электрондук окуу-усулдук комплекс (ЭОУК)** — окутуунун дидактикалык циклинин үзгүлтүксүздүгүн жана толуктугун камсыз кылган, интерактивдүүлүк, маалыматтык ачыктык, дистанциялуулук жана билимди баалоо жол-жоболорунун формалдаштырылган принциптерине негизделген уюштуруучулук, теориялык, практикалык жана баалоо-контролдук материалдарды камтыган окуу багытындагы программалык мультимедиалык продукт.

## 2. Аралыктан окутуу технологияларын колдонуунун максаттары, милдеттери жана принциптери

2.1. КМТУда аралыктан окутуу технологияларын колдонуунун максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу аркылуу билим алуучулардын жашаган жерине жана социалдык-экономикалык абалына карабастан сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- билим берүү кызматтарын эң ыңгайлуу формада көрсөтүү аркылуу сапаттуу жогорку билимдин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу;
- билим берүү уюмунун илимий жана методикалык потенциалын пайдаланууну активдештирүү;
- КМТУнун бирдиктүү эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграцияланышын кеңейтүү;
- үзгүлтүксүз билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу (сертификатталган даярдоо, квалификацияны жогорулатуу, адистерди кайра даярдоо).

2.2. Аралыктан окутуу технологияларын колдонуунун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- КМТУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн катышуусу менен аралыктан окутуу технологияларын колдонуу системасын түзүү;
- КМТУнун аралыктан окутуу технологияларын колдонуу боюнча аймактык борборлорунун системасын түзүү (мындан ары — жетүү пункттары);
- аралыктан окутуу технологияларын колдонуунун максаттарын ишке ашырууну камсыз кылган билим берүү программаларын, электрондук окуу-методикалык комплекстерди жана окуу материалдарын иштеп чыгуу;
- окутуунун сапатын стандартташтыруу жана контролдоо тутумун калыптандыруу;
- аралыктан окутуу технологияларын колдонуу үчүн техникалык инфраструктураны өнүктүрүү;
- инновациялык билим берүү технологияларын киргизүүнүн алкагында КМТУнун эл аралык өнөктөштүк байланыштарын өнүктүрүү.

2.3. Аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен окуу процессин уюштуруунун негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:
- интерактивдүүлүк принциби, ал аралыктан окутуу технологияларын колдонуу менен адистештирилген маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө электрондук почта, форумдар, чаттар, интернет-конференциялар, онлайн сабактар аркылуу окуу процессинин бардык катышуучуларынын үзгүлтүксүз өз ара аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат;
- адаптивдүүлүк принциби, ал санариптик билим берүү ресурстарын камтыган жаңы муундагы окуу материалдарын окуу процессинин конкреттүү шарттарында колдонууга мүмкүндүк берип, аралыктан окутуу технологияларын жана тармактык окутуу каражаттарын (интерактивдүү тесттер, тренажёрлор, алыстан жетүүчү лабораториялык практикумдар) пайдалануу менен сабак өткөрүүнүн ар түрдүү дидактикалык моделдерин айкалыштырууга шарт түзөт;
- ийкемдүүлүк жана жеткиликтүүлүк принциби, ал окуу процессинин катышуучуларына билим алуучунун убакыттык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан, өзүнө ылайыктуу ылдамдыкта жана ыңгайлуу убакта иштөөгө шарт түзөт;
- модулдуулук принциби, ал билим алуучуларга жана окутуучуларга өздүк окуу пландарын ишке ашыруу үчүн керектүү тармактык окуу курстарын (же окуу курсунун айрым компоненттерин) колдонууга мүмкүндүк берет;
- окутуучунун ролу, ал окуу сабактарын уюштурууда жана окуу курсун координациялоодо, билим алуучуларга консультация берүүдөгү, курстук жана квалификациялык иштерге онлайн жана офлайн режимдеринде жетекчилик кылуудагы функцияларды камтыйт. Окутуучу окутулуп жаткан дисциплинанын окуу-методикалык комплексин (окуу-практикалык колдонмолор, электрондук окуу китептери, электрондук лекциялар, аудио- жана видеоматериалдар) туура жана натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылат, ошондой эле билим алуучулардын учурдагы жана аралык аттестациясын (аралык тестирлөө, модулдук контролдоо, контрольдук иштер, экзамендик сессиялар ж.б.) жүргүзөт.

## 3. АОТту колдонууга шарттарды камсыз кылуу

Аралыктан окутуу технологияларын (АОТ) колдонуу үчүн шарттарды камсыз кылуу төмөнкү компоненттерди камтыйт:
- окуу-усулдук камсыздоо;
- кадрдык камсыздоо;
- программалык-техникалык камсыздоо;
- материалдык-техникалык камсыздоо.

3.1. Окуу-усулдук камсыздоо

АОТту колдонуу менен окуу процессин окуу-усулдук камсыздоо заманбап маалыматтык жана телекоммуникациялык технологияларды салттуу окутуу системасы менен айкалышта активдүү киргизүүнү көздөйт жана төмөнкүлөрдү камтыйт:
- электрондук билим берүү ресурстары (ЭББР), электрондук окуу-усулдук комплекстер (ЭОУК), алардын курамына электрондук окуу-усулдук материалдар, презентациялар, слайддар, тренингдик компьютердик программалар, компьютердик лабораториялык практикумдар (же виртуалдык лабораториялык иштер), контролдук-тестирлөөчү комплекстер, окуу видеоматериалдары, аудиожазуулар, видеолекциялар, ошондой эле ачык билим берүү ресурстары кирет;
- электрондук санариптик китепкана (электрондук окуу китептери, окуу куралдары, тиешелүү багыттар жана адистиктер боюнча мезгилдүү басылмалар, маалымдамалар ж.б.);
- онлайн-тестирлөө.

Электрондук билим берүү ресурстарын түзүү, сатып алуу, экспертизалоо, жайгаштыруу жана тиражыдоо (басып чыгаруу) процесстери КМТУнун тиешелүү локалдык нормативдик актылары менен жөнгө салынат.

3.2. Кадрдык камсыздоо

АОТту колдонуу менен билим берүү процесси төмөнкүлөр тарабынан ишке ашырылат:
- КМТУнун билим берүү порталында окуу материалдарын иштеп чыгып, жайгаштырган жана билим алуучулар менен өз ара аракеттенүүнү жүргүзгөн педагогикалык курам (ПК).

Окутуучулар АОТту колдонуу чөйрөсүндө квалификациялык деңгээлин тастыктаган аттестациядан өтүп, тиешелүү сертификаттарга ээ болушу керек;
- окуу процессин уюштуруучулук-техникалык жана окуу-усулдук жактан камсыздаган административдик-башкаруучу жана кафедранын окуу-жардамчы курамы, ошондой эле орто кесиптик билим берүүнүн түзүмдүк бөлүмдөрү (колледждер, ОКББ бөлүмдөрү) тарабынан жүргүзүлөт.
АОТту колдонуу менен окуу процессине тартылган педагогикалык курам төмөнкүлөргө милдеттүү:
- билимдердин сапатына мониторинг жүргүзүү, текшерүү, рецензиялоо жана окутуучудан жана бири-биринен алыста жайгашкан окуучулардын контролдук иштерин аткаруусуна жетекчилик кылуу боюнча атайын билимге жана көндүмдөргө ээ болууга;
- Интернет тармагын колдонуу менен жеке окуу консультацияларын өткөрүүнүн ыкмаларын жана ыкчам ыкмаларын билүүгө;
электрондук маалыматтык тармактарда иштөө ыкмаларын өздөштүрүүгө милдеттүү;
- АОТту колдонуу менен окуу процессинде пайдаланылуучу технологияларды жана педагогикалык методдорду билүүгө.
3.3. Программалык-техникалык камсыздоо
АОТту колдонууга программалык-техникалык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:
- аппараттык камсыздоо;
- телекоммуникациялык камсыздоо;
- программалык камсыздоо;
- маалыматтык камсыздоо.
3.3.1. Аппараттык камсыздоо
АОТту колдонууга аппараттык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:
- КМТУнун билим берүү порталын жана тиешелүү сервистик кызматтарды жайгаштыруу үчүн серверлер;
- окутуучулардын, кызматкерлердин жана билим алуучулардын жумушчу станциялары;
- серверлерди жана жумушчу станцияларды бирдиктүү локалдык тармакка бириктирүү жана аны Интернет тармагына (Интернетке) туташтыруу үчүн тармактык жабдуулар.
3.3.2. Телекоммуникациялык камсыздоо
АОТту колдонууга телекоммуникациялык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:
- окуу процессине тартылган тармактарды бириктирүүнү камсыз кылуучу телекоммуникациялык жабдуулар;
- окуу процессинин катышуучуларынын интерактивдүү өз ара аракеттенүүсү жана КМТУнун ичинде жана тышкы булактарда, анын ичинде Интернет тармагында жайгашкан маалыматтык ресурстарга жетүүсү үчүн байланыш каналдарынын зарыл сапатын жана өткөрүү жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуучу телекоммуникациялык жабдуулар.
3.3.3. Программалык камсыздоо
АОТту колдонууга программалык камсыздоо төмөнкү программалык каражаттарды камтыйт:
- серверлердин жана жумушчу станциялардын ишин колдоо үчүн;
- веб-сайттардын жана маалыматтык ресурстардын иштеши үчүн;
- АОТ функцияларын ишке ашыруу жана администрлөө үчүн;
- окутуучулар жана билим алуучулар үчүн, алардын жардамы менен АОТту колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жана жүргүзүү камсыз кылынат;
- электрондук билим берүү ресурстарын түзүү үчүн (тексттик, графикалык, аудио- жана видеоредакторлор, анимациялык пакеттер ж.б.).
3.3.4. Маалыматтык камсыздоо
АОТту колдонууга маалыматтык камсыздоо төмөнкүлөрдү камтыйт:
- окуу процессинде пайдаланылуучу маалыматтык ресурстар;
- өзүнчө аралыктан окутуу курстары;
- электрондук китепканалар;
- нормативдик-укуктук база;

- башка маалымат базалары жана банктары, анын ичинде Интернет тармагында жайгаштырылгандары.

3.4. Материалдык-техникалык камсыздоо

АОТту колдонуу менен окуу процессин уюштуруунун материалдык-техникалык камсыздоосуна КМТУнун билим берүү программаларын ишке ашырууну камсыз кылуучу материалдык объекттер жана жабдуулар кирет.

Материалдык-техникалык камсыздоого коюлуучу талаптар колдонулуп жаткан курулуш жана санитардык-гигиеналык нормаларга ылайык аныкталат.

## 4. ДОТту колдонуу менен билим берүү программаларын ишке ашыруу процессинин катышуучуларынын өз ара аракеттенүүсүн уюштуруу

4.1. Академиялык иштер боюнча проректор аралыктан окутуу билим берүү технологияларын (АОТ) натыйжалуу колдонууга шарттарды камсыз кылуу боюнча иштерге жалпы жетекчиликти жана координациялоону жүзөгө ашырат, анын ичинде окуу-усулдук, системалык-программалык жана электрондук билим берүү менен камсыздоону.

4.2. Окуу процессинин бардык катышуучуларынын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу максатында алардын ар бирине тиешелүү ролдор жана жоопкерчилик деңгээли бекитилет, ошондой эле окуу процессинин башка катышуучулары менен өз ара аракеттенүүнүн багыттары жана формалары аныкталат.

АОТту колдонуу менен окуу процессин ишке ашырууга КМТУнун төмөнкү түзүмдүк бөлүмдөрү катышат:

- администрация;
- кабыл алуу комиссиясы;
- окуу башкармалыгы;
- институттар / жогорку мектептер / орто кесиптик билим берүү (ОКББ) түзүмдүк бөлүмдөрү;
- кафедралар / ОКББ бөлүмдөрү;
- санариптик инфраструктураны тейлөө бөлүмү;
- IT-департамент.

4.3. КМТУнун администрациясы (ректор, ректорат, Окумуштуулар кеңеши):

- окуу процессин уюштуруунун стратегиялык багыттарын, анын ичинде АОТту колдонуу менен аныктайт;
- КМТУда АОТту колдонуу менен окутуу системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарынын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт;
- АОТту колдонуу менен окутуу системасынын иштешине байланыштуу башка иш-чараларды жүзөгө ашырат.

4.4. Кабыл алуу комиссиясы:

- АОТту колдонуу менен ишке ашырылуучу билим берүү программалары боюнча КМТУга кабыл алуунун бекитилген эрежелерине ылайык документтерди кабыл алууну жана окуучуларды кабыл алууну уюштурат;
- АОТту колдонуу менен билим берүү программалары боюнча окутуу жөнүндө келишимдерди түзөт;
- АОТту колдонуу менен ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын маркетингин камсыз кылууга катышат.

4.5. Окуу башкармалыгы (ОБ):

- АОТту колдонуу менен жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн багыттары жана адистиктери боюнча бүтүрүүчү кафедралар жана ОКББ түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан иштелип чыгып, бекитилген жумушчу окуу пландарынын түзүлүшүн жана бекитилишин, ошондой эле аларды КМТУнун маалыматтык системасына киргизүүнү көзөмөлдөйт;
- АОТту жана электрондук окуу-усулдук комплекстерди (ЭОУК) колдонууга байланыштуу жоболорду, эрежелерди, стандарттарды жана башка нормативдик-укуктук жана усулдук документтерди иштеп чыгууга катышат;

- АОТту колдонуунун натыйжалуулугу жана сапаты боюнча билим берүү процессинин катышуучуларынан түшкөн эскертүүлөрдү жана сунуштарды жалпылайт жана талдайт, аларды жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгат;
- АОТту колдонуу менен ишке ашырылуучу билим берүү программалары үчүн иштелип чыгуучу ЭОУКка коюлуучу талаптарды макулдашат;
иштелип чыккан ЭОУКтун сапатына экспертиза жүргүзүүгө катышат.
4.6. Институттар, жогорку мектептер жана ОКББ түзүмдүк бөлүмдөрү АОТту колдонуу менен окуу процессин уюштурууну камсыз кылат, анын ичинде:
- билим алуучуларды АОТту колдонуу менен окутуунун принциптери жана өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу;
- АОТту колдонуу менен окутуу үчүн окуу топторун түзүү жана билим алуучулар менен туруктуу кайтарым байланыш түзүү;
- биринчи окуу жылынын билим алуучулары багыт берүүчү сессиясын өткөрүү, тиешелүү семестрдин дисциплиналарына каттоону жана экзамендик сессияга келүүсүн камсыз кылуу.
4.7. Кафедралар жана ОКББ бөлүмдөрү:
- окуу процессин уюштурууну өнүктүрүү, анын ичинде АОТту колдонуу боюнча Администрациянын буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн аткарууну камсыз кылат;
- Окуу башкармалыгынын көзөмөлү алдында АОТту колдонуу менен даярдоонун багыттары жана адистиктери боюнча жумушчу жана жеке окуу пландарын иштеп чыгат жана бекитет;
- АОТту колдонуу менен окуу сабактарын өткөрүүнү уюштурат;
- бекитилген талаптарга ылайык АОТту колдонуу менен ишке ашырылуучу билим берүү программалары үчүн дисциплиналардын электрондук окуу-усулдук комплекстерин (ЭОУК), тесттик тапшырмаларды жана кошумча окуу материалдарын иштеп чыгууну камсыз кылат;
- АОТ системасына жайгаштырылганга чейин ЭОУКтун сапатына экспертиза жүргүзүүнү даярдоого жана өткөрүүгө катышат;
- штаттык жана (же) чакырылган окутуучулардын ичинен АОТту колдонуу менен окутууну ишке ашыруучу аткаруучуларды бекитет;
- АОТту колдонуу менен окуу жүктөмүнүн аткарылышын камсыз кылат;
- АОТту колдонуу менен окутуу системасы үчүн иштелип чыккан окуу ресурстарын аларды колдонуу тажрыйбасын жана заманбап илимий маалыматтарды эске алуу менен үзгүлтүксүз жаңыртып турат;
- окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга жана (же) даярдоого демилге көтөрөт, аларды электрондук окутуу жана АОТ инструменттерин колдонуу боюнча окутууга жиберет;
- АОТту колдонуу менен окутуунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жумушчу окуу программаларын иштеп чыгат;
- конкреттүү билим берүү программалары боюнча АОТту колдонуу менен окуу сабактарынын түрлөрүн аныктайт жана уюштурат;
- бекитилген окуу графигине ылайык АОТту колдонуу менен окуу процессинин ишке ашырылышын, анын ичинде билим алуучулардын өз алдынча ишин көзөмөлдөөнү камсыз кылат;
- электрондук байланыш каражаттарын (электрондук почта, Skype ж.б.) колдонуу менен видеоконференцияларды, чаттарды, форумдарды, вебинарларды уюштурат.
4.8. Санариптик инфраструктураны тейлөө бөлүмү (СИТБ) АОТту колдонуу менен окуу процессин уюштурууну камсыз кылуу максатында:
- окуу процессин уюштуруучулук-техникалык жактан камсыздайт;
- КМТУнун маалыматтык системасынын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылат;
- зарыл болгон жабдууларды жана программалык камсыздоону сатып алууну, орнотууну жана ишке киргизүүнү уюштурат;
- жабдууларды жана программалык каражаттарды оңдоону, алмаштырууну, жаңылоону жана профилактикалык тейлөөнү жүзөгө ашырат.
4.9. IT-департамент АОТту колдонуу менен окуу процессин уюштурууну камсыз кылуу максатында:

- КМТУнун маалыматтык системасы, анын ичинде АОТту колдонуу боюнча билим берүү процессинин катышуучуларына консультациялык жардам көрсөтөт;
- АОТту колдонуу менен окутуу системасында ЭОУКтун маалымат базаларын түзөт жана сактоону камсыз кылат;
- окутуучулардын билим алуучулар менен өз ара аракеттенүүсүнө мониторинг жүргүзөт, ошондой эле КМТУнун маалыматтык системасынын порталында окуу-усулдук материалдардын бар экендигин жана актуалдуулугун көзөмөлдөйт;
- АОТту колдонуу менен окутуу системасына жетүүнүн тартибин жана формаларын аныктайт жана алардын ишке ашырылышын камсыз кылат.

## 5. АОТту колдонуу менен окуу процессин уюштуруу

5.1. КМТУда жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан окутуу технологиялары (АОТ) төмөнкүдөй колдонулат:
- толук көлөмдө — сырттан окуу формасында;
жарым-жартылай:
- күндүзгү окутуунун гибриддик формасында;
- жеке окутууда.

5.2. КМТУда АОТту колдонуу менен сырттан окуу формасындагы окуу процесси ички буйруктар, нускамалар жана башка локалдык нормативдик укуктук актылар менен жөнгө салынат.

Окуу процессин уюштуруу жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн багыттары жана адистиктери боюнча жумушчу окуу пландарына ылайык жүргүзүлөт.

АОТту колдонуу менен сырттан окуу формасы боюнча жумушчу окуу пландарында аудиториялык сабактардын көлөмү дисциплина боюнча бөлүнгөн сааттардын жалпы көлөмүнүн 20 пайызынан ашпоого тийиш.

5.3. АОТту колдонуу менен билим берүү процессинин негизин КМТУнун билим берүү порталына кирүү мүмкүнчүлүгүнө жана окутуучу менен интерактивдүү байланышууга ээ болгон билим алуучунун өз алдынча иши түзөт.

5.4. КМТУ абитуриенттерди жана билим алуучуларды кредиттик технологиянын негизинде окуу процессин уюштуруунун белгиленген эрежелери жөнүндө маалымдайт.

Окуу процессин уюштуруунун эрежелери тууралуу маалымат маалыматтык пакетте берилет, кабыл алуу комиссиясынын жарнамалык материалдарында чагылдырылат жана КМТУнун расмий интернет-сайтына жайгаштырылат.

5.5. Студенттерди тейлөө борбору (СТБ) АОТту колдонуу менен сырттан окуу формасына кабыл алынгандан жана зарыл болгон даярдык иш-чараларынан өткөндөн кийин билим алуучуга жеке логин жана пароль ыйгарат. Бул реквизиттер окуу-усулдук материалдарга жетүүгө, учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестацияларды тапшырууга, ошондой эле КМТУнун билим берүү порталы аркылуу окутуучулардан консультация алууга мүмкүнчүлүк берет.

СТБ билим алуучунун жеке маалыматтарын (электрондук почта дареги, байланыш телефону ж.б.) каттайт.

5.6. Биринчи окуу жылынын билим алуучулары үчүн окуу жылы башталганга чейин төмөнкүлөрдү камтыган багыттоочу (ориентациялык) жума өткөрүлөт:
- АОТту колдонуу менен сырттан окуу формасынын өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу;
окуу базасы, администрация, педагогикалык курам жана окуу процессине тартылган институттардын, жогорку мектептердин, ОКББ түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, кафедралардын жана бөлүмдөрдүн кызматкерлери менен тааныштыруу;
- билим алуучулардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жана компьютердик сабаттуулук деңгээлин баалоо максатында анкета жүргүзүү;
- компьютердик сабаттуулук деңгээлин эске алуу менен окуу топторун түзүү жана кириш сабактарынын расписаниесин түзүү;
- эдвайзер (академиялык кеңешчи) менен биргеликте жеке окуу планын түзүү;
- биринчи окуу жылынын күзгү семестринин дисциплиналарына СТБда каттоо;

- билим алуучулардын кайрылуусу боюнча киргизүүчү сессия учурунда окутуучулар тарабынан зарыл болгон окуу-усулдук материалдардын топтомун катуу ташуучуларда берүү.
Күзгү семестрдин биринчи жумасында КМТУнун билим берүү порталы менен иштөө боюнча обзордук курсун жана күзгү семестрдин дисциплиналары боюнча обзордук лекцияларды камтыган киргизүүчү сессия өткөрүлөт.
5.7. Кредиттик технологияны жана модулдук-рейтингдик баалоо системасын колдонуу менен билим берүү программасы боюнча ар бир билим алуучу эдвайзер менен биргеликте семестрге же окуу жылына жеке окуу планын түзөт.
Биринчи семестрдин дисциплиналарына каттоо багыт берүү жумада, кийинки семестрлер үчүн — экзамендик сессиялар аяктагандан кийин бекитилген Академиялык календарга жана сабактардын расписаниесине ылайык жүргүзүлөт.
Диспетчердик кызмат экзамендик сессия башталганга чейин кеминде бир ай мурда бекитилген жумушчу окуу пландарына ылайык сабактардын жана экзамендердин расписаниесин түзөт.
5.8. Окуу жылы күзгү жана жазгы семестрлерден турат. Окуу процесси учурдагы көзөмөлдү, аралык (семестрдик) аттестацияны жана жыйынтык мамлекеттик аттестацияны камтыйт.
Учурдагы көзөмөл төмөнкү жолдор менен жүргүзүлөт:
- телекоммуникациялык каражаттарды колдонуу менен онлайн жана офлайн режимдеринде билим алуучу менен окутуучунун түз өз ара аракеттенүүсү;
- автоматташтырылган тестирлөө системалары;
- жазуу түрүндөгү жеке тапшырмаларды текшерүү;
- билим алуучу менен окутуучунун өз ара аракеттенүүсү.
5.9. Билим алуучу багыт берүүчү сессия учурунда алынган же КМТУнун билим берүү порталына жайгаштырылган окуу материалдарын өз алдынча өздөштүрүүгө жана дисциплиналардын жумушчу программаларында жана силлабустарында белгиленген бардык талаптарды аткарууга милдеттүү.
Билим алуучунун өз алдынча иши төмөнкүлөрдү камтыйт:
- КМТУнун билим берүү порталына жайгаштырылган же катуу ташуучуларда берилген ЭОУК жана ЭББР менен иштөө;
- практикалык жана лабораториялык (анын ичинде виртуалдык) иштерди аткаруу;
- контролдук жана эсептик-графикалык тапшырмаларды, рефераттарды даярдоо жана аткаруу;
- учурдагы отчеттуулукту даярдоо;
- жыйынтык семестрдик көзөмөлгө даярдануу;
- курстук долбоорлорду жана иштерди аткаруу.
Билим алуучунун өз алдынча иши билим берүү порталынын сервистерин, электрондук почтаны, чаттарды, форумдарды жана видеоконференцияларды колдонуу аркылуу эдвайзерлердин жана окутуучулардын консультациялары менен коштолот.
5.10. Лабораториялык-экзамендик сессияга кеминде эки жума бөлүнөт. Бул мезгилде семестрине 80 саатка чейин же окуу жылына 160 саатка чейин аудиториялык сабактар өткөрүлөт, анын ичинде бетме-бет катышууну талап кылган практикалык жана лабораториялык иштер аткарылат.
5.11. Билим алуучулар дисциплина боюнча жыйынтык семестрдик көзөмөлгө жеке окуу планында каралган бардык көзөмөл иш-чараларын аткаргандан кийин гана жол берилет.
Жыйынтык семестрдик көзөмөл жана жыйынтык мамлекеттик аттестация Академиялык календарга ылайык КМТУнун имараттарында окуучулардын милдеттүү катышуусу менен бетме-бет формада өткөрүлөт.
5.12. Бардык практикалар, анын ичинде квалификация алдындагы практика, билим берүү программасынын милдеттүү бөлүгү болуп саналат жана тиешелүү практика базаларында бетме-бет формада өтүлөт.
5.13. Бүтүрүү курсун кошпогондо, билим алуучулардын кошумча билим алууга болгон муктаждыктарын канааттандыруу үчүн узактыгы төрт жумага чейин жайкы семестр киргизүүгө жол берилет.
Жайкы семестрде окутуу негизги окутуунун каржылоо формасына карабастан акы төлөнүүчү негизде жүргүзүлөт.

Окутуунун наркын эсептөөнүн негизи билим алуучунун жеке окуу планы болуп саналат, мында төлөмдүн суммасы пландалган кредиттердин саны менен бир кредиттин бекитилген наркынын көбөйтүндүсү катары аныкталат.

5.14. Педагогикалык курамдын окуу жүктөмүн пландаштыруу жана билим алуучулар менен жеке иштердин түрлөрү боюнча убакыт чыгымдарын эсептөө, анын ичинде өз алдынча иштер боюнча тапшырмаларды кабыл алуу, курстук долбоорлорду, экзамендерди кабыл алуу, мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишине катышуу, бүтүрүү квалификациялык иштерине жетекчилик кылуу, ошондой эле маалыматтык технологияларды колдонуу менен аткарылуучу иштер КМТУда белгиленген убакыт нормаларынын негизинде жүргүзүлөт.

## 6. Күндүзгү окутууда, анын ичинде магистрдик программаларды ишке ашырууда АОТту жарым-жартылай колдонуу

6.1. Жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн, ошондой эле күндүзгү формада окуган магистранттар үчүн АОТту жарым-жартылай колдонууга билим алуучунун арызынын негизинде окутуучунун жана билим берүү программасынын жетекчисинин уруксаты менен жол берилет.

Салттуу окутуу менен АОТту колдонуп окутуунун сандык катышы дисциплина бекитилген кафедра (ОКББ бөлүмү) тарабынан институттун / жогорку мектептин дирекциясы / ОКББ дирекциясы менен макулдашуу аркылуу аныкталат.

6.2. Билим алуучулар жана магистранттар негиздүү жүйөлүү себептер (оору, үй-бүлөлүк жагдайлар ж.б.) болгон учурда дисциплиналарды АОТту колдонуу менен толук көлөмдө же жарым-жартылай (бөлүмдөр, модулдар боюнча) өздөштүрүүгө укуктуу.

Билим алуучулардын өз алдынча иши боюнча тапшырмалардын көлөмү жана баалоо каражаттарынын фонду изилденип жаткан дисциплина боюнча билим алуучунун билим деңгээлин жана зарыл компетенцияларынын калыптангандыгын объективдүү аныктоого жетиштүү болушу керек.

6.3. Магистрдик билим берүү программалары боюнча гибриддик окутуу формасына жол берилет, мында окуу планынын сааттарынын көлөмүнүн 70 пайызынан ашпаган бөлүгү АОТту колдонуу менен өздөштүрүлүшү мүмкүн жана сырттан окуу формасына уруксат берилген программалар боюнча гана колдонулат.

Сырттан окуу формасына жол берилбеген магистрдик программалар боюнча АОТту колдонуу менен өздөштүрүлүүчү дисциплиналардын көлөмү билим берүү программасынын жетекчиси тарабынан аныкталат, бирок окуу планынын жалпы эмгек сиңиримдүүлүгүнүн 50 пайызынан ашпоого тийиш.

Күндүзгү формадагы бакалавриат жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча гибриддик окутуу формасына билим берүү программасынын жетекчисинин чечими менен төмөнкү чектерде жол берилет:

- тиешелүү багыт же адистик боюнча сырттан окуу формасы бар болсо — 50 пайыздан ашпаган көлөмдө;
- сырттан окуу формасы жок болсо — 30 пайыздан ашпаган көлөмдө.

6.4. Окуу башкармалыгы жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн багыттары жана адистиктери боюнча күндүзгү окутууда АОТту колдонуу тартибин, дисциплиналардын тизмесин жана окуу планы боюнча жол берилген сааттардын көлөмүн (же пайыздык катышын) көрсөтүү менен бекитет.

Педагогикалык курамдын окуу жүктөмү күндүзгү окутуу үчүн белгиленген убакыт нормаларына ылайык түзүлөт.

6.5. АОТту колдонуу менен жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларынын ишке ашырылышын көзөмөлдөө Окуу башкармалыгына жана тиешелүү институттарга, жогорку мектептерге жана ОКББ дирекцияларына жүктөлөт.

АОТту колдонуу менен окутуу системасын техникалык тейлөө санариптик инфраструктураны тейлөө бөлүмү (СИТБ) тарабынан, программалык камсыздоо — IT-департамент тарабынан ишке ашырылат.

Электрондук окуу-усулдук комплекстердин жана окуу материалдарынын сапаттуу иштелип чыгышы үчүн жоопкерчилик тиешелүү дисциплиналардын окутуучуларына жана билим берүү программаларынын жетекчилерине жүктөлөт.
Электрондук билим берүү ресурстарынын билим берүү порталында бар болушун жана жайгаштырылышын көзөмөлдөө IT-департамент тарабынан жүргүзүлөт.
6.6. Окуу башкармалыгы, институттар, жогорку мектептер, ОКББ дирекциясы, Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте педагогикалык курамдын маалыматтык-билим берүү чөйрөсүндө квалификациясын жогорулатуу үчүн шарттарды камсыз кылат.

## 7. Жеке окутууда АОТту жарым-жартылай колдонуу

7.1. Күндүзгү жеке окутууну уюштурууда, ошондой эле аз сандагы топторду түзүүдө дисциплиналар боюнча АОТту колдонуу билим берүү программасынын жетекчиси тарабынан аныкталат.
Ар бир дисциплина боюнча аудиториялык сааттардын саны окутуучу тарабынан белгиленип, ЖКББ/ОКББ окуучусунун же магистранттын жеке окуу планында (1-тиркеме) көрсөтүлөт.
Жеке окуу планы Окуу башкармалыгы, кафедра башчысы (ОКББ бөлүм башчысы) менен макулдашылып, белгиленген тартипте бекитилет.
Жеке окутуу кыска мөөнөткө (ай, семестр, өзүнчө дисциплиналар же алардын бөлүктөрү) же узак мөөнөткө — жеке окуу графигине ылайык окуу жылына белгилениши мүмкүн.
7.2. Жеке окуу графиги — бул күндүзгү окутуунун формасы болуп, анда окуу планынын айрым дисциплиналары же дисциплинанын өзүнчө модулдары (бөлүмдөрү) окуучу тарабынан АОТту колдонуу менен өз алдынча өздөштүрүлөт.
Билим алуучу дисциплиналарды өзү үчүн ыңгайлуу убакта, окутуучу жана билим берүү программасынын жетекчиси менен макулдашылган жеке расписание боюнча өздөштүрүүгө укуктуу.
АОТту колдонуу менен күндүзгү окутуудагы дисциплиналар боюнча аудиториялык сабактардын көлөмү төмөнкүлөрдөн кем болбоого тийиш:
лекциялык сабактар — 30 %;
практикалык сабактар — 40 %;
лабораториялык иштер — 50 %.
АОТту колдонуу менен өздөштүрүлүүчү дисциплиналардын жалпы саны окуу планынын эмгек сиңиримдүүлүк нормасынан ашпоого тийиш.
7.3. Жеке окуу графиги бир окуу жылына түзүлүшү мүмкүн, анын ичинде ЖКББ/ОКББ билим алуучу же магистрант дисциплиналарды АОТту колдонуу менен аралыктан өздөштүрөт.
Жеке окуу графиги үч нускада таризделет:
биринчи нуска — окуучуга;
экинчи нуска — кафедрада (ОКББ бөлүмүндө);
үчүнчү нуска — институттун дирекциясында / ЖМ / ОКББ дирекциясында.
Жеке окуу графиктерин каттоо жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө дирекция (ОКББ дирекциясы) жана кафедра (ОКББ бөлүмү) тарабынан жүргүзүлөт.
7.4. ЖКББ/ОКББ билим алуучу же магистрант бардык жеке тапшырмаларды аралыктан аткарат жана КМТУнун билим берүү порталына жайгаштырылган окуу материалдарын өздөштүрөт.
Учурдагы көзөмөлдүн жыйынтыктары аралыктан кабыл алынат жана жыйнактоочу модулдук-рейтингдик баалоо системасында эске алынат.
Учурдагы жана жыйынтык көзөмөлдүн жыйынтыктары окутуучу тарабынан электрондук ведомостко киргизилет.
FX жана I бааларын кайра тапшыруу белгиленген тартипте жүргүзүлөт.
7.5. Жеке окутууда педагогикалык курамдын окуу жүктөмү аудиториялык сааттардын, консультациялардын, билим алуучулардын өз алдынча иштерин кабыл алуунун жана экзамендердин эсебинен түзүлөт.

Өз алдынча иштерди кабыл алуу дисциплина боюнча өз алдынча ишке бөлүнгөн сааттардын көлөмүн эске алуу менен күндүзгү окутуу үчүн белгиленген убакыт нормаларына ылайык эсептелет.

7.6. Төмөнкү категориядагы билим алуучулар жана магистранттар жеке окуу графигине которулушу мүмкүн:

- ден соолугунун абалына байланыштуу узак мөөнөттүү дарылоого муктаж ЖКББ/ОКББ билим алуучулары жана магистранттар;
- узак мөөнөттүү окуу-машыгуу жыйындарына жана ар кандай деңгээлдеги мелдештерге катышкан окуучу-спортчулар;
- өнөктөш жогорку окуу жайлар менен кызматташуу келишимдеринин негизинде академиялык мобилдүүлүк алкагында чет өлкөдө билим алып жаткан билим алуучулар жана магистранттар;
- майыптыгы бар билим алуучулар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар (ДМЧА).

7.7. АОТту колдонуу менен окуу процессин билим берүү деңгээлдери боюнча (жогорку жана орто кесиптик билим берүү) уюштуруу ЖКББ/ОКББ билим алуучулары жана магистранттар үчүн, ошондой эле окутуучулар үчүн иш-аракеттердин ырааттуулугун, тартибин жана окутуунун бардык формаларын ишке ашыруу этаптарын көрсөтүү менен өзүнчө нускоолор аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы [signature] А.Ж.Исраилов

*1-тиркеме*

**«БЕКИТЕМ»**
Директор ____________________

«__» __________ **20**_-ж.

## ЖЕКЕ ОКУУ ПЛАНЫ

20____–20____ окуу жылынын ______ семестрине

Билим алуучу (студент) гр. __________Аты-жөнү (ФАА) ________________________________Багыты (адистиги) ____________________________

Профили / программасы ______________________________

| № | АОТту колдонуу менен дисциплинанын аталышы | Кафедра / ОКББ | Жалпы эмгек сиңиримдүүлүк (кредит) | Аудиториялык сааттардын саны (ЖОП/ЖОПл) | Сабак өтүүчү жайы жана убактысы | Тапшыруу мөөнөтү | Окутуучунун АЖА | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | лк | лб | пр | акт | |

**ЖЕКЕ ОКУУ ПЛАНЫ МЕНЕН ТААНЫШТЫМ:**
Билим алуучунун кол тамгасы ______________________________

**МАКУЛДАШЫЛДЫ:**
Окуу башкармалыгынын башчысы

Кафедра башчысы (ОКББ)

Жеке окуу планынын бланкы эки нускада толтурулат:
бир нускасы — жеке окуу планы боюнча окуган билим алуучуда сакталат (аткарылгандан кийин бир нускасы институттун дирекциясына / ОКББ дирекциясына көзөмөл үчүн өткөрүлүп берилет);
экинчи нускасы — ЖКББ дирекциясында / ОКББ дирекциясында көзөмөл үчүн сакталат.